Жактырылды
ЖАМУнун окумуштуулар кеңеши
токтом № 9
26.05. 2025-ж.

Бекитем
ЖАМУнун ректору
К.Ж.Усенов
26.05. 2025-ж.

**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин кабыл алуу сынактары боюнча талаш-тартыш комиссиясынын**

**ЖОБОСУ**

1. Жобо, Кыргыз Республикасынын (мындан кийин КР) жогорку окуу жайларына кабыл алуу тартибинин 7.1-7.7-пункттарына ылайык (КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-майындагы №256-токтому менен бекитилген), ЖАМУнун уставынын негизинде даярдалган.
2. Талапкер аттестациялык же окууга кирүү сынактарынын жыйынтыгы менен макул болбогон учурда талаш-тартыш комиссиясына жазуу жүзүндө арызын тапшырат. Арыздарды кабыл алуу комиссиясынын иш кагаздарын жүргүзүүчү катчы топтойт. Сынак жазуу жүзүндө жүргүзүлсө, талапкер өзүнүн иши менен тааныша алат.
3. Талаш-тартыштык кароо – бул сынакты «кайра тапшыруу» деген эмес. Мындай кароонун жүрүшүндө сынак жыйынтыгынын туура бааланышы гана текшерилет.
4. Талапкер арызды сынак тапшырган күндүн эртеси, жыйынтык чыккан күнү бере алат. Талаш-тартыш комиссиясы бул күнү жумушчу убакыт бүткөнгө чейин иштейт.
5. Арыз берген талапкер комиссияга өзү менен бирге ким экендигин күбөлөндүрүүчү документин алып келет. Эгерде жашы 18ге толбосо, өзүнүн ишенимдүү адамын кошо ала келсе болот.
6. Талаш-тартыштык кароодон кийин комиссия сынак жөнүндө өзүнүн чечимин чыгарат. Эгерде комиссия мүчөлөрү ичинде кайчы пикирлер жаралса, анда алар добуш беришип, көпчүлүктүн чечими кабыл алынат. Ушул чечим боюнча токтом түзүлүп, талапкерге тааныштырылып, ал кол тамгасын койгондон кийин анын жумушуна тиркелет.

**Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы** **Төлөнов Э.Н.**